# Ч.АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДА СОГУШ ТЕМАСЫНЫН БЕРИЛИШИ

**АЙТАЛИЕВА Т.К.**

Жазуучунун чыгармаларын өсүп келе жаткан жаш муундарга окутуп, үйрөтүүдө чыгармалардын мазмунун жеткиликтүү түшүндүрүп, каармандардын образдарын талдоого алдырып, алардын оң жана терс сапаттарын айырмалап, оң сапаттарынан таалим алса, терс сапаттарынан иренжип, андай сапаттардан алыс болууга тарбиялоо керек.

Чыңгыз Айтматов өзүнүн «Балалыгым» аттуу чыгармасында бала кезинде, жаш кезинде көргөн жана уккан окуяларды ирети менен баяндап, ошол окуялардын көпчүлүгүн өзүнүн кийинки жараткан чыгармаларына негиз кылып алгандыгы тууралуу айткан. «Кыямат» романындагы карышкырлар «Карышкырлар менен кездешүүм», «Бетме-бет» повести «Чыныгы Ысмайыл», ушул эле повестте Тотойдун уюнун уурдалышы «Адам өлтүрүүнү көздөп…», «Биринчи мугалим» повести «Сейтаалы: Алгачкы мугаличилигим», «Делбирим» повести «Долондогу махабат», «Жамийла» повести «Жамийла менен Данияр» аттуу чакан окуялардын негизинде жазылган экен. Жогоруда чыгармалардын жазылуусуна негиз болгон чакан окуялардын баары жазуучунун «Балалыгым» аттуу чыгармасында жазылган.

Жазуучу: «Башымдан өткөн оор күндөрдү чагылдыруу, башкаларга айтып берүү үчүн адабият деген бир дүйнөгө аралашууга туура келди», -деп жазган. Башынан өткөн окуянын бардыгын эле элге таанымал, таасирлүү чыгарма кылып жаратуу ар бир эле адамдын колунан келе бербейт.

Жазуучунун чыгармаларынын ичинен «Бетме-бет» повестин талдоого ала турган болсок, «Кыргыз адабиятындагы жаңы сөз» деген баа алган бул чыгармада согуш качкыны Ысмайылдын жасаган иштери баяндалат. Профессор, айтматовтаануучу А.Акматалиев: «Бетме-бет» повести жазуучунун адабияттагы өз чыйырын тандоодо чоң мааниге ээ болот. Повестте автор Сейде менен Ысмайыл аркылуу коом менен жеке адамдын тагдырынын бир бүтүндүгү жөнүндөгү философиялык проблеманы козгойт. Каармандардын жашоого, үй-бүлөгө, Ата Мекенге карата көз караштары, алардагы психологиянын өзгөрүшү, адамдык бийик касиетти сактап калуу чыгарманын өзөгүн ээлейт», - деп жазган. Жазуучунун айрым чыгармаларындай эле адабий коомчулукта бул чыгарма да, көптөгөн талаш-тартыштарды жараткан. «Бетме-бет» жарыкка чыккандан кийин кыргыз сынчылары чыгарманы курч талкуузга алышкан. Алардын пикири боюнча: «Биздин типтүү каармандарыбыз, согушта жеңишке жетишкен каармандарыбыз кайда? Чыныгы баатырлар өлбөс-өчпөс эрдик көрсөткөндөр кайда? Дезертирлер ал кезде дароо эле кармалып, атылып кетчү. Ал эми Айтматов кайдагы бир дезертирди трагедиялуу фигура катары көрсөтүп отурат. Жаңылышпасак, аны бизге туура кылды, оң каарман деп көрсөткүсү келет. Эгерде Айтматов ушундай идея менен ишин улантып отурса, антисоветтик ой-пикирлери менен бизди каякка алып барарын жакшылап, азыртан ойлонуубуз абзел!», - деп айтышкан. Жазуучунун айтуусу боюнча чыгарманын Москва шаарында жарык көрүшү оңдой берди болгон. Анткени анын тагдыры опурталдуу эмес эле.

Ысмайыл согушка баруудан баш тартып качып келип, жашырынып жүрсө, Сейде аны коруп, тамак-ашын дайындайт. Жаз келсе бул жерден качып кетүү тууралуу өз ара сүйлөшүшөт. Ысмайыл кошунасы Тотойдун жалгыз уюн уурдап союп алгандан кийин, Сейде Ысмайылды жек көрүп, аны кармап берүүгө батынат.

«Бетме-бет» повестинде «…Очоктун башында күйпөлөңдөп, күйөөсүн алдыртан жал-жал карап, Сейде ар кайсыны ойлонот. Ал Ысмайылды аяйт. Андан айрылып, жетим-жесир болуп калабызбы деп коркот. Жарык көрбөй үңкүрдө жата бергендиктен Ысмайылдын ирeңи шишиңки, жаактарында сакалы тикенектей дүрдүйүп өскөн. Көзү бирде кылмыштуудай жалтаңдап, бирде жанкечтилик менен эки жакты окурая чалып, заардуу тиктейт. Карап отуруп кишинин эси чыгат. Баягыда, өткөн жылкы жайда, Ысмайыл ушундай беле?» Жогорудагы текстте Сейде күйөөсүнүн бул акыбалга келе элек кезин ойлоп бушайман болот. Анда Ысмайыл жайдары, кечке жаны тынбай иштеген, жакшы үмүт, тилектери бар адам эле. Элден кем калбай алар да үй салып, бала багуу жөнүндө кыялданышчу.

Азыр ал качкын. Эми ал көпчүлүктөн жашырынып күн кечирет. Ушундай жашоо Ысмайылга жагабы? Же анын жаны ошончолук таттуубу? Же Ысмайыл өтө акылдуу адамбы? Мындай жашоо канчага созулушу мүмкүн? Согуш адамдардын башына трагедия алып келет. Алаамат согуш кимдин баатыр, кимдин коркок экендигин айгинелейт. Согушка канчалаган чырактай жанган жаш жигиттер аттанышкан. Кайрадан кайтпай калышты. Алардын аркасында балдары да калган жок. Алаамат согуш жаш өмүрлөрдү кыйды.

Ысмайылдын аялы Сейде: «Мейли, качкын болсо качкындыр, алтын башы аман болсо болду?... Эркек деген эмне кылса өзү билет. Ар кимге өз жаны кымбат, бул кыргында башын калкалаган эле тирүү калат. Түшүмө кирбеген, ата-бабам көрбөгөн кайдагы жердин түбүндөгү фронтко барып, жалгыз мен жоо чаап берет белем, атасынын көрү, бир күндүк өмүрүм болсо да ушул жерде жүрүп өтөм, өз башымды өзүм окко тосор алым жок!, -дейт. Эгер ушундай түшүнүк бардык адамдарда болсо эмне болот эле. Бүткүл элдин башына мүшкүл түшүп турганда андан тайсалдап, артка чегинип, качып, жанын сактай турган болсо, жаалданган душмандарга туруштук бере албай өлкө жеңилүүгө учураса, ошондо элдин тагдыры, алардын арасында Ысмайылдын тагдыры эмне болмок? Мекен үчүн көз жумушкан азаматтардын эрдиктеринин үзүрүн кийин бүткүл өлкө, анын ичинде ошол эле Ысмайыл жана анын балдары көрүштү.

Өз жанын коргоп, калкалаган адамдын эч кимди аябай турганын Ысмайылдын коңшусунун уюн союп алган жеринен көрүүгө болот.

«…Ошол убакта топ элдин ичинен суурулуп, башында жоолугу жок, чачтары саксайып, көзү алаңдаган Тотой сарайынын жанына ыйлап жүгүрүп барды.

- Мынакей, айланайын эл-журт! Мынакей! Жаман кулпуну сууруп алып эле, алып кетиптир! Кокуй, кокуй, эми шорубуз кайнабадыбы! - дейт.

- Ана Тотойдун этегине чыркырап жармашкан балдарынын түрлөрү; кичинеси төшөктөн жаңы эле турган көрүнөт жылаңайлак чыла кечип: «Апа! Апа!», - деп бакырат. Тотой аны менен иши жок, ал өз алдынча жулунат.

Ушул сүрөттөөлөр жазуучунун «Балалыгым» аттуу чыгармасындагы «Адам өлтүрүүнү көздөп…» деген чакан окуянын таасиринде жазылгандай. Анда «…Уйдун уурдалганынан шек калган жок. Мындай үрөйдү учурган суук кабарды эртелеп угуп, баарысы эмне кыларын билбей, ыйлап гана отурушту… эми биринен бири кичине, ийилген чийдей төрт бала, оорусунан кыйналган апабыз, күйөөсүнөн ажырап, бизди караан туткан, жалгыз таежебиз Гүлша апанын күнү не болот?» Бул жерде окуялар өтө окшош болбосо да, уйдун уурдалышы менен үй-бүлө мүчөлөрүнүн баштарына түшкөн кыйынчылык окшош.

Караңгыда Ысмайыл үйүнө келди. Көтөргөн баштыгы бар, баштыктагы эт экенин билгенде Сейденин жүрөгү опколжуп:

- Сен белең! Сен уурдап союп алдыңбы!, - деп таң кала карайт. Ысмайыл:

- Унчукпа, ишиң болбосун! - деп аялын демитет. Андан кийинки окуянын өнүгүшүндө жазуучу Ысмайылдын Сейдеге ачууланып айткан сөздөрүн баяндоо менен анын

өтө өзүмчүлдүгүн, өзүнүн жанын сактап калуу үчүн өзгөлөрдү кымындай да аёо сезиминин жоктугун сүрөттөйт. Кан күйгөн согушта Ысмайылдай болбосо да, башка мүмкүнчүлүктөрүнөн пайдаланып жанын сактап калгандар деле болгон.

Бул адамдардын татаал тагдырына согуш күнөөлүү. Бирок өзүмчүл, жан бакты адамдар тынч жашоодо деле, көп адамдарга зыянын тийгизип, камырабай, менин жашоом жакшы болсо болгону деп өмүр кечиришсе керек.

Сейде:

- Ушул жетимдердин кешигине кол салгандан көрө, өзүбүздүн кунажынды союп алсаң болбойт беле!, - деди.

Ысмайыл:

- Былжыраба! Мени үйрөткөндү коюп, өзүңдү бил. Заманың бөрү болсо, бөрү бол. Ушул кезде ар ким эле өзүм гана тойсом дейт! Башкалар менен ишиң эмне экен, сен ачтан өлүп бара жатсаң да, бирөө келип казаныңа аш салып бербейт… Алган алып, жулган жулат!..

- Эмне унчукпайсың, яа! Эмне унчукпайсың дейм? Мен өзүбүздүн кунаажынды союп алсам, балабызга сүт кана, элдин балдары өзүңдүкүнөн артык болуп кеттиби, яа. Чаткалга жер ооп жетер белең, ушуну ойлойсуңбу, яа. Кетерибизге эми аз калганда, мени үңкүрдө ачтан өлсүн дейсиңби, аа! Же башкалар сага менден артык болуп кеттиби?... Жетишет, кышы менен калчылдап, тишимдин кирин соруп отурдум. Мен уурдайм, мен жейм, аскерден качып келип, ачтан өлөйүн деген эмесмин! Өлсө башка өлсүн, бирок мен жөн эле өлө калбайм!... - деп киркирейт.

Ысмайыл кетеринде:

- Көп сүйлөбөй этти салып жегиле, сөөгүн көрсөтпөй жерге көмгүлө, уктуңбу! - деп акыл үйрөтөт.

Жогорудагы Ысмайылдын айткандарын окуп отуруп, Ысмайыл кандай адам? - деп суроо бергиң келет. Эмнеге ал өзүнүн кылган ишин туура деп ойлойт? Өзүн башкалардан акылдуу сезгени кандай?

«Балалыгым» аттуу чыгармада «Чыныгы Ысмайыл» деген бөлүмүндө жашоодо Ысмайыл күлүк ат мингенди, ойноп-күлгөндү жактырган адам болгондугу баяндалат. Ал өзүнүн согуш качкыны болуп камалып, көптөгөн адамдардын «дезертир», «качкын», «чыккынчы» деген сөздөрүнө терикчү эмес экен да, «Менин жаным тирүү калды, эмне десеңер ошо дегиле… Башкалардай окко тосулган жокмун» деп айтчу экен. Кийин ал Ч.Айтматовго кат жазган. Катында: «Качкын болуп жүргөн мен тууралуу чыгарма жазыпсың. Эки уулум азыр Советтик Армиянын катарында кызмат өтөшөт. Түшүндүңбү? Эми баары өз жолунда», - деп эки уулунун сүрөтүн конвертке салып жибериптир. Айылдаштарына «Мени мурда шекерликтер гана билсе, эми жердеш жазуучунун чыгармасы аркылуу көп адамдар билет. Чыгарма көп тилдерге которулуп мен дүйнөгө таанылдым», - деп айтчу экен. Ысмайыл өзүнүн түшүнүгүндө туура кылдым, өлгөн жокмун, тукумум уланды, балдарым бар деп ойлойт. Бир чети согуш болбой эле койсо жакшы болмок, согушта көз жумган жоокерлер деле аман-эсен тынч жашоодо өмүр сүрүшсө болмок деп ойлойсуң. Бирок мезгил ошондой болду. Согушту баштап, анын башында тургандарга канча адамдардын каргышы айтылды. Бирок аларды согушуп гана жеңбесе, башка жол жок эле да.

Казак драматургу К.Мухамеджанов менен бирдикте жазган Ч.Айтматовдун «Фудзиямадагы кадыр түн» аттуу чыгармасында бир мезгилде чогуу окуган классташтардын, кийин да кол үзүшпөй жүргөн достордун чогулуп, көңүл ачышып, эс алган учуру сүрөттөлүп берилет. Алар бул жерге өздөрүнүн мугалими Айша-апаны чакырып келишет. Айша-апа алардын бала кездерин, кийин согушка да өз ыктыярлары менен аттанышканын эстеп, кийин аман-эсен кайтып келишкенде тилегим орундалды деп

кубанганын айтат. Алардын арасында Сабыр жок болот. Досберген, Мамбет, Осипбай, Исабек, Сабыр интернатта чогуу окуган достор болушкан. Согуш башталганда Сабыр:

Колуна курал алып, жоо тоспосо,

Бир тууган агама да кол бербеймин. - деп ыр чыгарып, өзүнүн жолдошторун Ата Мекенди коргоого үгүттөгөн ыр жазат. Сабыр таланттуу акын болот. Анын ырларын ошол кездеги жаштар баалап окушуп, ант катары жатташчу экен.

Эзелтен чечилбеген улуу талаш,

Канткенде адам уулу адам болот?... - ыр саптары да Сабырга таандык болот. Алар согуштан кайтып келгенден кийин Сабыр «Добулбас үнү өчкөндө» аттуу поэма жазат. Бул поэмасынан саясий айып тагылып ал соттолуп кетет. Чыгарма согушта курман болгондорго арналат. Кыскача мазмуну: «Мен согуштан чарчадым, ичиркенем кандуу, сүрдүү жүзүнөн, нечен-нечен жаш өмүрлөр жеңиш үчүн окко учуп, улуу Мекеним фашизмден бошонуп турганда, басып өткөн жолумду, эч убакта кайталагым келбес эле…». Бул кыскача түшүндүрмө чыгармада Исабектин айтуусу боюнча берилет. Сабырдын чыгармасынан саясий айып таап: «Сен акын катары өз жолуңдан адаштың», - деген Мамбеттин пикирине «Көркөм өнөрдө сызып койгон түз жолдор жок, сенин ченемиң мага туура келбейт», - деп жооп берет. Ал өзүнүн жакын досторунун кийлигишүүсү менен чогулушка салынып, окуудан чыгарылып, адабияттан куулган. Сабырдын күнөөсү эмне эле? Анын күнөөсү Совет эли жеткен жеңишти даңазалабай, тескерисинче согуштан ичиркенип, экинчи ошол жолду баспасам дейт. Бул согушка барбас элем дегенди түшүндүрөбү? Сабырдын идеясы менен Ысмайылдын идеясында окшоштук жокпу? Сабыр согушка өз ыктыяры менен барды, анын ырлары жеңишке үндөгөн, шыктандырган ырлар болгон. Анын чыгармаларын достору окуп алышып өтө жогору баалашчу, ал эле эмес анын ырларынан таасирленишип, согушка өз ыктыярлары менен суранып кетишкен. Согушту өз башынан кечирип кайтып келген Сабыр кийин «Добулбас үнү өчкөндө» аттуу поэмасында:

Добулбастын үнү басылган күнү,
Арбактардын баары туруп чогулар,
Журт көзүнө, жан көзүнө көрүнбөй,
Ээн жерден жалгыз мага жолугар,
- Ошондо мен кандай жооп кайтарам?
Кызыл кыргын, кара сүргүн чоң согуш -
Жанын кыйды миңдеп, сандап жарандар.
Кең казылган бир мүрзөнүн ичинде,
Катар жатат жакшы менен жамандар.
Журт көзүнө, жан көзүнө көрүнбөй,
Арбактардын баары туруп чогулуп,
Биз кырылдык, сен тирүүсүң эмнеге?» -
Деп сурашса ээн көрдөн жолугуп, -
Ошондо мен кандай жооп кайтарам?
Үйдө ыйлатып эне менен атаны,
Өлгөндөрдүн кимге убалы, азабы?
Бүткөн өңдүү тирүүлөрдүн чатагы.
«Бүттүңөрбү» - деп сураса жолугуп,

Ошондо мен кандай жооп кайтарам?» Бул ырдын мазмунунда Сабыр согушта каза тапкан жоокерлердин арбактары менен кездешип калсам, алар: «биз кырылдык, эмнеге силер тирүү калдыңар?», «каршылашкан эки тараптын чатагы бүттүбү, ынтымакка келдиңерби?», -деп айтса эмне дейм деп суроо берет. Согушта көз жумгандардын убалы

кимге, алар үчүн ата-энелери ыйлап азап тартышты, ушундай нерсенин кереги бар беле? - деген ойду айткысы келет. Бул согушуп, кан төгүүнүн кереги барбы? - деген суроого алып келет. Согуш тууралуу көз карашын билдирген адамдар мындай тыянак чыгарышат: «Ким баскынчылык саясат жүргүзүп согуш баштаса, ал сөзсүз жеңилүүгө учурайт.» Бирок, канча бейкүнөө адамдар көз жумушат?

Согуш – азап, гумандуу коомдо ал болбоосу керек. Бейкүнөө жаш өмүрлөр кыйылбоого тийиш. Бирок, байыртадан эле эл өзүнүн элдигин, эркиндигин, көз карандысыздыгын сактоо үчүн душмандары менен аёосуз күрөш жүргүзүшкөн.

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Айтматов Ч.Т. Чыгармалардын сегиз томдук жыйнагы. 5-том, - Б., 2008, 404-бет.
2. Айтматов Ч.Т. Чыгармалардын сегиз томдук жыйнагы. 1-том, - Б., 2008, 106-бет.
3. Кыргыз адабиятынын тарыхы. - Б., 2002. 8-бет.
4. Айтматов Ч.Т. Чыгармалардын сегиз томдук жыйнагы. 3-том, - Б., 2008, 404-бет.
5. Кыргыз адабияты: тарых жана мезгил. - Б., 2010.
6. Муратов А. Адабият – ыйман сабагы. - Б., 1993. 65-бет.
6. Үкүбаева Л. Ч.Айтматов жана кыргыз адабияты. - Б., 2012.